# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2008-жылдын 19-апрели N 59*

## Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23, 2016-жылдын 6-июлундагы N 99, 2019-жылдын 8-июлундагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

*(Преамбула КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**1-берене.**

Бул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

**калкка тандама социалдык-демографиялык изилдөө жүргүзүү** - Кыргыз Республикасынын калкынын курамын, эл жана турак жай фондун каттоодо чогултуу максатка ылайык келбеген социалдык жана демографиялык процесстерди изилдөө үчүн анын бөлүгү жөнүндө маалыматтарды чогултуу боюнча иш-чаралар;

**турак жай фонду** - менчигинин түрүнө карабастан бардык турак жайлардын жыйындысы, анын ичинде турак үйлөр, атайын үйлөр (жатаканалар, жалгыз бой жана улгайган адамдар үчүн атайын үйлөр, балдар үйлөрү, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын убактылуу турушу үчүн үй-интернаттар, мектеп алдындагы интернаттар жана мектеп-интернаттар), квартиралар, кызматтык турак жайлар жана башка имараттардагы жашоого жарактуу башка турак жайлар;

**турак жай фондун каттоо** - турак жай фондунун мүнөздөмөлөрүнүн тандалган топтому боюнча маалымат чогултуу менен катар эле үзгүлтүксүз убакыт аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагындагы турак жай фондунун бардык бирдиктерин расмий эсепке алууга (же контролдоп баалоого) мүмкүнчүлүк берүүчү иш-чара;

**эл жана турак жай фондун каттоо** - бир эле каттоо процессинин алкагында эл жана турак жай фонду жөнүндө бир учурда маалымат алууга мүмкүнчүлүк берүүчү иш-чара;

**эл каттоо** - калктын социалдык, демографиялык жана экономикалык мүнөздөмөлөрүн чогултуу боюнча маалымат алуу менен катар эле үзгүлтүксүз убакыт аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында жашоочу элдин санын расмий эсепке алууга (же контролдоп текшерүүгө) мүмкүнчүлүк берүүчү иш-чара.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**1-1-берене.**

Ушул Мыйзам эл каттоого даярдык көрүүнүн, өткөрүүнүн, катталуучу адамдар жана турак жай фонду жөнүндө жекече маалыматтарды чогултуу жана сактоонун жүрүшүндө, ошондой эле эл жана турак жай фондун каттоонун жана Кыргыз Республикасынын калкына социалдык-демографиялык изилдөө жүргүзүүнүн (мындан ары - эл жана турак жай фондун каттоо) жыйынтык маалыматтарын жарыялоодо жана башкача түрдө таркатууда келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салат.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-берене.**

Кыргыз Республикасында эл каттоо он жылда бир жолу дүйнөлүк эл каттоонун кезектеги раундуна туш келүүчү мөөнөттө жүргүзүлөт. Эл каттоо менен бир эле убакта турак жай фондун каттоо да жүргүзүлсө болот.

Зарылчылык болгон учурда эл каттоолордун аралыгында калкты социалдык-демографиялык жактан тандап иликтөөлөр жүргүзүлүшү мүмкүн.

**3-берене.**

Эл жана турак жай фондун каттоо жана Кыргыз Республикасынын калкына социалдык-демографиялык изилдөө жүргүзүү жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кабыл алынат.

Эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана жүргүзүү боюнча иш-чараларды мамлекеттик бийлик органдары, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын алкактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырат.

Эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүүгө жана жүргүзүүгө байланыштуу мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан атайын комиссия түзлөт. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечими менен тиешелүү комиссиялар түзүлөт.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23, 2016-жылдын 6-июлундагы N 99 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-берене.**

Кыргыз Республикасында эл жана турак жай фондун каттоону даярдоо, жүргүзүү, анын жыйынтык маалыматтарын иштеп чыгуу жана жарыялоо үчүн жооптуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана анын аймактык статистикалык бөлүмдөрү же алардын укук мураскорлору болуп саналат.

Эл жана турак жай фондун каттоону жүргүзүүдө статистикалык органдар төмөндөгүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

- эл каттоо программаларынын объективдүүлүгүн, илимий жактан негиздүүлүгүн, алардын Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдерине ылайык келишин;

- эл жана турак жай фондун каттоонун материалдарын иштеп чыгуунун жыйынды маалыматтарынын ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн;

- баштапкы материалдардын купуялыгын.

Эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү, алынган алгачкы маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу, эл каттоонун жыйынтык маалыматтарын жарыялоо жана таркатуу мезгилинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте мамлекеттик статистика органдарынын түзүмүн өзгөртүү жана мамлекеттик кызматкерлердин штаттык санын көбөйтүү каралат.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**5-берене.**

Эл жана турак жай фондун каттоо учурунда эсепке алуунун негизги бирдиктери:

**Адам** - Кыргыз Республикасынын жараны, чет өлкөлүк жаран жана Кыргыз Республикасынын аймагында убактылуу жүргөн же туруктуу жашаган жарандыгы жок адам, ошондой эле эл жана турак жай фондун каттоо учурунда убактылуу болбогон Кыргыз Республикасынын жараны.

**Үй чарбасы** - турак жайда чогуу жашаган жана өз каражаттарын толук же жарым жартылай бириктирүү жана чыгымдоо менен орток чарба жүргүзүп, өздөрүн тиричиликке зарыл бардык нерселер менен камсыз кылган адамдар же адамдар тобу жүргүзүүчү иш. Бул адамдар никелик-үй-бүлөлүк, бир туугандык мамиледеги байланышта же болбосо мындай мамилелерсиз байланышта болушу мүмкүн.

**Үй-бүлө** - никеге же тууганчылыкка негизделген же чогуу жашагандыгына, турмуш-тиричилигинин жана өз ара жоопкерчилигинин жалпылыгына байланыштуу адамдардын бирикмеси.

**Турак жай** - бир же андан ашуун адамдын өзүнчө бөлүнгөн, обочолонгон демейки жашаган орду. Турак жай же турак жай бирдиги, же адамдар чогуу жашоочу башпаана болушу мүмкүн.

**Турак жай бирдиги** - бир үй чарбасынын жашоо үчүн арналган же арналбаган, бирок үй чарбасы же турак жай фондун каттоо учурунда үй чарбасы тарабынан демейки тиричилик үчүн пайдаланылган өзүнчө үй чарбасынын обочолонгон жана көз карандысыз тиричилик өткөрчү (турак үй же квартира, бөлмө) жери.

**6-берене.**

Эл жана турак жай фонду каттоо калк жашаган турак үйлөрдү жана калк жашашы мүмкүн болгон турак эмес имараттарды кыдыруу жана атайын ыйгарым укугу бар адамдар (каттоочулар, эсептөөчүлөр) ар бир адамды сурамжылоо же каттоо документтериндеги тиешелүү суроолорго алардан жазуу жүзүндө жооп алуу негизинде каттоо документтерин толтуруу жолу менен жүргүзүлөт.

Үй чарбасынын (үй-бүлөнүн) жаш мүчөлөрү жана убактылуу болбогондору жөнүндө маалыматтарды анын чоң мүчөлөрү берет.

Калктын айрым категориялары (аскер кызматындагылар, түзөтүү мекемелеринде жазасын өтөп жаткан адамдар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүктөрүнүн кызматчылары) тиешелүү мамлекеттик органдар аркылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте катталат.

Каттоо документине жазуу жашаган жерине катталгандыгына жана анын мүнөзүнө (туруктуу же убактылуу) жана турак жай аянтына укугуна карабастан иш жүзүндө жашаган жери боюнча документ менен ырастабастан элдин оозеки же жазуу жүзүндө берген маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-берене.**

Каттоо документтерин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тиешелүү мамлекеттик органдардын, илимий мекемелердин жана коомдук уюмдардын катышуусу менен иштеп чыгат, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте бекитилүүгө тийиш.

Каттоо (суроо) барактарына статистикалык жана илимий максатты гана көздөгөн маалыматтар киргизилет. Каттоо документациясына жарандардын кайсы расага таандык экендиги жана диний ишеними, саясий көз карашы жөнүндө маалыматтарды алууга багытталган жана жарандардын жеке турмушунун сырын ачкан суроолорду киргизүүгө тыюу салынат.

**8-берене.**

Каттоо документтерин сыноо, алдыдагы эл жана турак жай фондун каттоону өткөрүүнүн уюштурулушун жана жыйынтык маалыматтарын иштетүү технологиясын бекитүү Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен мөөнөттө жана көлөмдө сыноо түрүндө эл каттоо жүргүзүү жолу менен жүзөгө ашырылса болот.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**9-берене.**

Эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү, алынган биринчи маалыматтарды иштеп чыгуу жана сактоо, эл жана турак жай фондун каттоонун жыйынтык маалыматтарын жарыялоо жана таркатуу боюнча чыгымдар республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан бардык иш чараларды өз убагында жана толук аткарууну камсыз кылуучу өлчөмдө каржыланат.

Эл жана турак жай фондун каттоону материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипке жана шарттарга ылайык жүзөгө ашырылат.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**10-берене.**

Эл жана турак жай фондун каттоо милдеттүү мүнөздө болот жана суралган адамдар каттоо документтерине киргизилген суроолор боюнча талап кылынган маалыматтарды билдирүүдөн баш тарта албайт, баш тарткан учурларда Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик тартышат.

Сурап-билүү барагы мамлекеттик жана расмий тилдерде толтурулат.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23, 2019-жылдын 8-июлундагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**11-берене.**

Эл жана турак жай фондун каттоонун жекече маалыматтары купуя болуп саналат, жарыя кылынбайт жана жеке мүнөздөгү маалымат менен иштөөнү жөнгө салган Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте корголот. Каттоочу кызматкерлер толтурулган каттоо документтеринин мазмунун билдиришине тыюу салынат. Жарандар жөнүндө жекече маалыматтарды пайдалануу тартибин бузгандыгы үчүн каттоочу кызматкерлер Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдарына жана жоруктар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23, 2019-жылдын 8-июлундагы N 83 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**12-берене.**

Эл жана турак жай фондун каттоонун жыйынтык маалыматтары статистикалык маалыматты пайдалануунун тартибин аныктаган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпыланган түрдө гана жарыяланат же таркатылат.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**13-берене.**

Толтурулган каттоо документтери, ошондой эле алардын машинада окулуучу көчүрмөлөрү ишке керектүүлүк убактысы өткөнгө чейин, бирок 10 жылдан кем эмес Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин жана анын аймактык статистикалык органдарынын бөтөн киши кире албаган жайларында сакталат.

**14-берене.**

Эл жана турак жай фонду каттоону жүргүзүүгө байкоочу катары катышууну каалаган башка мамлекеттердин жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү бул ишке Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык катыша алат.

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**15-берене.**

*(КР 2014-жылдын 30-январындагы N 23 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**16-берене.**

Бул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

"Эл каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., N 9, 313-ст.) күчүн жоготту деп табылсын.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** — **К.Бакиев**

**2008-жылдын 6-мартында** — **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан**

**кабыл алынган**